№1 - 2016

КР Айыл чарба жана мелиорация министрлиги
Айыл чарба долбоорлорун ишке ашыруу бөлүмү

# Жаңылыктар жарчысы

## Ветеринар-студенттер Москвада өткөн илимий-практикалык конференцияга катышты

«Мал чарбасын жана рынокту өнүктүрүү» долбоорунун алкагында окууга кабыл алынган К.И.Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинин Ветеринардык медицина жана био-технология факультетинин экинчи курсунун отличниктери 14-17-мартта Москвадагы К.А.Тимирязев атындагы Айыл чарба академиясында өткөн 69-Эл аралык илимий-практикалык сту-денттердин конференциясына катышты. Алардын ичинде - Авазбек уулу Райымбек, Нуркелди Токталиев, Алманбет уулу Олжобай, Абдилаким уулу Жаныш жана Ырыс-бай кызы Айкыз. Форумда 14 өлкөнүн өкүлдөрү болду.



*Авазбек уулу Райымбек.*

Кыргыз улуттук агрардык университетинин студенти Н.Токталиевдин «Зооантропоноздор жана алар менен Кыргызстандын шартында күрөшүү чаралары» аттуу баяндамасы катышуучулардын арасында зор кызыгууну жаратты.



*Нуркелди Токталиев.*

Болочок ветеринарлар өздөрүнүн биринчи чет өлкөлүк “иш сапарынан” келгенден кийин, көргөн-билгендерин жана алган билимдерин бирге окуган курсташтарына айтып беришти.

“Мындай иш-чаралар студенттердин кесиптик деңгээлин кеңейтүүгө, курдаштары менен өз-ара баарлашууну жөнгө салууга, мамилечилдик жана эрудицияны өркүндөтүүгө абдан жакшы мүмкүнчүлүк болуп саналат”, - дейт илимий жетекчи, факультеттин деканы, профессор Бекболсун Акназаров.

“Мен сабактарымды гана мыкты окубастан, билим деңгээлимди ар тараптан кеңейтким келет. Чет тилдерин үйрөнсөм деген абдан чоң максатым бар”, - деп Н.Токталиев өз оюу менен бөлүштү.

Москва шаарына иш-сапарды уюштурууга финансылык жардам көрсөткөн “Мал чарбасын жана рынокту өнүктүрүү” долбоору мындай демилгелерге колдоо көрсөтөт.▪

*Москвада түшкөн сүрөттөр.*







## *Фотокуя:*

**Айыл чарба жана мелиорация министрлигинин конференц-залында жаңы кеңсе эмеректери жана конференц-байланыш орнотулду**



***Сүрөттө**: Айыл чарба жана мелиорация министрлигинин кызматчылары жумуш маселелерин Москва менен конференц-байланыш аркылуу талкуулоодо.*

“Мал чарбасын жана рынокту өнүктүрүү” долбоору Айыл чарба жана мелиорация министрлигинин конференц-залындагы эмеректерди жаңыртууга көмөк көрсөттү. Сатып алуулардын суммасы 166 миң сомду түздү.


Бириккен улуттар уюмунун Бүткүл дүйнөлүк азык-түлүк программасы өз кезегинде мекемеге он-лайн конференц-байланышты өткөрүү үчүн жабдууларды берди. ▪



## Айыл чарба жана мелиорация министрлигинде Ресурстук-аналитикалык борбору түзүлөт

КР Айыл чарба жана мелиорация министрлигинде Ресурстук-аналитикалык борбору (РАБ) түзүлөт.

Ресурстук-аналитикалык борборду түзүүнүн максаты - Кыргыз Республикасында жана чет өлкөлөрдө айыл чарба азыктарын өндүрүү, кайра иштетүү жана маркетинг жүргүзүүнүн натыйжалуулугун талдоо жана КР Айыл чарба жана мелиорация министрлигинин жетекчилигин болжолдуу маалымат менен камсыз кылуу.



РАБда бардык ченемдик-укуктук актылардын, программалардын, стратегиялык пландардын, жана башка айыл-чарбага керектүү басылмалалардын электрондук китепканасы түзүлмөкчү. Жайыт, мал чарбачылыгы жана башка айыл чарба маалыматтарынын бирдиктүү электрондук базасын райондордо, облустарда түзүү пландаштырылууда. Бул борбор эл аралык айыл чарба долбоорлору жана программалары жөнүндө маалыматты да бере алат.

РАБ Айыл чарба жана мелиорация министрлигинин жетекчилигине жана борбордук аппараттын жетектөөчү адистерине түзүмдүк бөлүмдөр, маселен, райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыктары менен өз ара үзүрлүү байланышта болууга, кызкдар тараптар үчүн аналитикалык материалдарды даярдоого жардам берет.

РАБ заманбап уюштуруу техникалары, Интернетке дайыма кирүү мүмкүнчүлүгү менен камсыз кылынат. Жылдын башында аталган борборго компьютерлер, серверлер, лазердик көп функционалдуу орнотмолор, кеңсе эмеректери жана башка керектүү жабдуулар берилген. “Мал чарбасын жана рынокту өнүктүрүү - 2” долбоору техникалык жардам көрсөтүүдө жана ошондой эле бул борбордо иш алып бара турган аналитик-адисти ишке тартмакчы. ▪

## Эхинококкоздун алдын алуу жөнүндө маалымдоо иш-чаралары 10-марттан бери жүргүзүлүүдө

“Мал чарбасын жана рынокту өнүктүрүү-1” долбоорунун алкагындагы эхинококкоздун алдын алуу жөнүндө экинчи калкты маалымдоо кампаниясы 2016-жылдын 10-мартында башталган. Бул иш–чаралар долбоордун аткаруучу агенттиктеринин бири - Республикалык ден соолукту чыңдоо борбору тарабынан ишке ашырылууда.




Бул жылы Республикалык ден соолукту чыңдоо борбору шаарларда маалымат иш-чараларына көбүрөөк көңүл бура турган болду. Шаардык үй-бүлөлүк дарыгерлер борборлорунун (бейтапканалар) Ден соолукту чыңдоо кабинеттери иш-чараларды аткарууга катышууда. Ал эми айыл тургундарына маалымат жеткирүү иштери Айылдык ден соолук комитеттериндеги волонтерлордун жардамы менен аткарылат.



Эхинококкоздун алдын алуу боюнча маалымат кампаниясы төмөнкүлөрдү камтыйт: чоңдор жана кичинекей балдарга арналган чакан китепчелерди таратуу, ар түрдүү мекемелерде жолугушууларды жана семинарларды өткөрүү, эхинококкоз жөнүндө диктант жазуу, сүрөт тартуу конкурстарына катышуу, оорунун алдын алуу темасында дил баян жазуу боюнча мектептерде иш алып баруу, телеканалдарда жарнамалык түрмөктү көрсөтүү жана башка иш чаралар.▪

## “Мал чарбасын жана рынокту өнүктүрүү” долбоорунун 2016-жылга планы жана бюджети жактырылды

Координация жана эксперттик колдоо тобунун (Референттик топ) бешинчи жыйынында “Мал чарбасын жана рынокту өнүктүрүү-1, -2” долбоорлорунун 2016-жылга планы менен бюджети жана АДИБ, АРИС жана башка аткаруучу агенттиктердин 2015-жылга карата аткарылган иштери тууралуу отчеттору жактырылды.

Референттик топтун төрагасы, Айыл чарба жана мелиорация министринин орун басары Жаныбек Керималиев чыгып сүйлөгөн сөзүндө белгилегендей, “бул жыйналыш маанилүү болуп эсептелет, анткени иш жүзүнө ашырылып жаткан долбоорлордун географиялык жагынан камтылышы кеңейди, демек, карала турган маселелер дагы көбөйдү; эки долбоор беш облуста (Ысык-Көл, Нарын, Ош, Баткен жана Жалал-Абад) ишке ашырылууда, жана алардын жалпы бюджети 65,3 млн АКШ долларын түзөт”.



Референттик топтун курамындагы түштүк облустардын өкүлдөрү:
А.Махаммадов - КР Өкмөтүнүн Ош облусундагы Ыйгарым укуктуу өкүлүнүн орун басары, Б.Жолочиев – КР Өкмөтүнүн Баткен облусундагы Ыйгарым укуктуу өкүлүнүн орун басары, Н. Жээналиев – КР Өкмөтүнүн Жалал-Абад облусундагы Ыйгарым укуктуу өкүлүнүн орун басары, Ж.Бакиров – Ош облусундагы Кара-Кулжа районунун “Кашка жол” Жайыт Комитетинин төрагасы, П.Касымов – Баткен облусунун Кадамжай районунун “Марказ» Жайыт комитетинин төрагасы, К.Маматов – Жалал-Абад облусунун Сузак районундагы “Багыш” Жайыт Комитетинин төрагасы, К.Гульжигитов – Баткен облусунун, Баткен районундагы “Газ” жеке ветсервисинин ветврачы, Э.Кааров – Ош облусундагы Ноокат районунун “Дыйканбай Ата” жеке ветсервисинин ветврачы, Ж.Калыев – Жалал-Абад облусунун Базар-Коргон районунун “Ачы” ветсервисинин ветврачы.

Алтынчы жыйынды Ысык-Көлдө өткөрүү пландаштырылууда. Бул аймакта “Мал чарбасын жана рынокту өнүктүрүү – 1” долбоору ишке ашырылууда. Жайында өтө турган жыйында эки долбоордун аткаруучу агенттиктеринин үстүбүздөгү жылдын биринчи кварталы боюнча отчеттору каралмакчы. ▪

## 28 райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыктары компьютерлер жана офис техникаларынын комплектисин алышты

Компьютердин жана кеңсе техникаларынын комплектисин 28 райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыктары алышты. Алар Ысык-Көл, Нарын, Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустары. Салтанаттуу тапшыруу аземи 2016-жылдын 26-январында Бишкек шаарында КРнын Айыл чарба жана мелиорация министри Турдуназир Бекбоев, ЖКнын Агрардык комитетинин төрагасы Мирлан Бакиров, Өкмөттүн 7 облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн, Жайыт комитетинин өкүлдөрүнүн, «Кыргыз жайыты» Кыргызстандын жайыт пайдалануучулар бирикмесинин, Айыл чарба долбоорлорун ишке ашыруу бөлүмүнүн кызматкерлеринин, Токой чарба жана айлана чөйрөнү коргоо агенттигинин кызматкерлеринин катышуусунда "Кыргызстандагы жайыттарды башкарууну жана пайдаланууну жакшыртуу" темасындагы тегерек столу өтүп жаткан учурда болду.



Техникалар Айыл чарбасын өнүктүрүү эл аралык фонду каржылап жаткан жана КРнын Айыл чарба жана мелиорация министрлигинин Айыл чарба долбоорлорун ишке ашыруу бөлүмү жана АРИС тарабынан ишке ашырылып жаткан "Мал чарбасын жана рынокту өнүктүрүү-2" долбоорунун жардамы менен сатып алынды.



Тапшыруу аземинде КРнын Айыл чарба жана мелиорация министри Т.Бекбоев райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыктары өзүлөрүнүн компьютерлерин жаңылап алууга абдан муктаж болуп жаткандыгын белгиледи. "Мен мындай жаңылануу ар бир райондогу райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыктарынын ишин жакшыртаарына ишенем", деди ал.

Райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыктарынын потенциалын күчөтүү жана мындан ары да аларга техникалык жактан колдоо көрсөтүү КРнын Айыл чарба жана мелиорация министрлигинин башкы багыттарынын бири болуп саналат. КРнын Айыл чарба министрлиги тарабынан ишке ашып, Дүйнөлүк банктын эсебинен каржыланып жаткан "Жайыттарды жана мал чарбачылыкты башкарууну жакшыртуу" долбоорунун алкагында Чүй жана Талас облустарынын райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыктарына дагы компьютерлер жана офистик жабдуулар сатылып берилет.

**Маалымат:** Райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыктары Кыргызстандын 40 районундагы КРнын Айыл чарба министрлигинин өкүлчүлүктөрү болуп саналат. Райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыктары Айыл чарба министрлигинин саясатын жүргүзөт. Региондордо мониторингдерди өткөрүшөт, болжолдуу көрсөткүчтөрдү иштеп чыгышат, фермерлерге айдоо, сугаруу маселелери боюнча сунуштарды беришет, жазгы талаачылык иштерине жооп беришет, ветеринардык кызмат көрсөтүү жана жайыттарды башкаруу боюнча жергиликтүү бийлик органдары менен биргеликте иштешет. Райондун көлөмүнө жараша ар бир райондук өнүктүрүү башкармалыгында орточо эсеп менен 4-6 адам эмгектенет. ▪

## Кыргызстандын ветеринардык кызматынын ишине
## Эл аралык эпизоотикалык бюро баа берет

2016-жылдын февраль айында Кыргызстанга Эл аралык эпизоотикалык бюронун (МЭБ) миссиясы келип кетти. МЭБ республиканын ветеринардык кызматынын ишине баа берүү менен катар эле, бул кызматтын ишкердигин эл аралык стандарттарга ылайык жакшыртуу боюнча сунуштарды берет.



Миссиянын курамын Dr. Eric Fermet-Quinet – топтун башчысы, Dr. Sabine Hutter – Вена шаарындагы Ветеринардык медицина университетинин Коомдук ветеринардык саламаттыкты сактоо институтунун доценти, Dr. Djahne Montabord – МЭБдин Астанадагы субрегионалдык кеңсесинин шарп оорусун координациялоо боюнча техникалык кеңешчиси түздү.

Миссия Айыл чарба жана мелиорация министрлигинин Айыл чарба долбоорлорун ишке ашыруу (АДИБ) бөлүмү менен жолугушту. АДИБ ветеринарияны өнүктүрүүнү колдогон долбоорлорду ишке ашырат. “Жаныбарлардын ден соолугун жана азык-түлүк коопсуздугун сактоо” Кодексинин долбоорун иштеп чыгууга катышуу, КУАУда жаш ветеринардык кадрларды даярдоо, азыркы учурда иштеп жаткан жеке ветеринарлардын квалификациясын жогорулатуу, жеке ветеринардык тейлөө кызматтарына гранттарды берүү, Мамлекеттик ветинспекцияга техникалык жардам көрсөтүү артыкчылыктуу багыттар болуп саналат.

МЭБдин эксперттери Ош, Баткен, Жалал-Абад, Ыссык-Көл, Нарын, Чүй облустарына барып, аймактарда эмгектенген ветеринардык адистер менен жолугушууларды өткөрүштү.

Белгилей кетсек, миссиянын алдында МЭБдин ветеринардык мыйзамдар боюнча эксперти Dr. Martial Petitclerc Бишкекке келип кеткен. Ал “Жаныбарлардын ден соолугун жана азык-түлүк коопсуздугун сактоо” Кодексинин долбоорун иштеп чыгууда түздөн-түз консультациялык жардам көрсөтөт.

МЭБдин эксперттери Мамлекеттик ветинспекциянын чакыруусу менен келишкен. Бул демек, болуп жаткан өзгөрүүлөрдүн маанилүүлүгүнүн, ветеринария тармагындагы көйгөйлөрдүн көптүгүнүн жана олуттуулугунун белгиси.

Мыйзам чыгаруу базасын жакшыртуу, стратегиялык планды иштеп чыгуу, жеке



ветеринардык кызматты өнүктүрүү реформалоонун өзөгүн түзөт. Документтерди иштеп чыгууда МЭБдин адистери берген сунуштардын мааниси чоң.

**Маалымат**

Эл аралык эпизоотикалык бюро (МЭБ) – дүйнө жүзүндөгү жаныбарлардын ден соолугуна жооптуу өкмөттөр аралык уюм. 180 мамлекет МЭБдин мүчөсү болуп эсептелет. Кыргыз Республикасы 1992-ж. МЭБге мүчө болуп кирген. Уюмдун штаб-квартирасы Парижде жайгашкан. МЭБдин регионалдык жана субрегионалдык кеңселери бардык континенттерде бар.

*Кадрлар*

## Т.Шерматов Мамлекеттик ветинспекциянын Коомдук кеңешинин төрагасы болуп шайланды



Токтакун Шерматов КР Өкмөтүнө караштуу Ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциянын Коомдук кеңешинин төрагасы болуп шайланды. Азыркы учурдагы коомдук кеңештин мүчөлөрүнүн бири Жолдошбек Дадыбаев мурда бул кызматты ээлеп турган.

Т.Шерматов КР Айыл чарба жана мелиорация министрлигинде жетектөөчү китепканачы болуп эмгектенет. Ал – ветеринария илимдеринин кандидаты, доцент. Көптөгөн жылдар бою Кыргыз улуттук агрардык университетинде мугалим болуп

## К.Маматкулов Ветеринардык палатанын директору болуп дайындалды



Кубат Маматкулов Ветеринардык палатанын жаңы директору болуп дайындалды. Ал мурда бул мекемеде каттоо адиси болуп иштеген.

К.Маматкулов азыркы учурда "Жайыттарды жана мал чарбачылыкты башкарууну жакшыртуу" долбоорунда иштеп жаткан Жолдошбек Дадыбаевдин кызмат ордуна которулду.

К.Маматкулов кесиби боюнча ветеринардык врач, агрардык университетти 1996-жылы бүтүргөн. Ал Ветеринардык палатага келгенге чейин Жалал-Абад шаарынын вице-мэри, Өкмөт аппаратынын уюштуруу бөлүмүнүнүн эксперти болуп иштеген. ▪

## Жогорку Кеңештин депутаты Мирлан Бакиров Айыл чарба долбоорлорун ишке ашыруу бөлүмү ишке ашырып жаткан долбоордун Координация жана эксперттик колдоо тобунун мүчөсү болду



Депутат Мирлан Бакиров "Мал чарбасын жана рынокту өнүктүрүү -1, -2" долбоорунун Координация жана эксперттик колдоо тобунун (Референттик топ) мүчөсү болду. Өткөн чакырлыштын депутаты Эсенгул Исаков парламенттин профилдик комитети тарабынан шайланган Референттик топтун мурдагы өкүлү болчу. М.Бакиров— "Өнүгүү-Прогресс" партиясынын атынан депутат.

Координация жана эксперттик колдоо тобу — бул ар квартал сайын чогулуп, долбоордун иш алып баруусун, жумушчу пландарын, пайдаланылган акча каражаттар жөнүндө маалыматты талкуулоочу, ишке ашырылып жаткан ар кандай иш-чараларды жакшыртуу максатында сунуштарды берүүчү, жаңы идеяларды жана ыкмаларды сунуштоочу консультативдик орган. Ошол эле учурда, топтун бардык демилгелери долбоорлордун максаттары менен милдеттерине жана алардын бюджеттерине ылайык келүүгө тийиш. Ал эми топтун чечимдери сунуш мүнөзүндө болот. Топтун мүчөлөрү коомдук негизде иштейт. ▪

## 2015-жылы Ысык-Көл жана Нарын облустарындагы Жайыт пайдалануучулар бирикмелеринин беш микродолбоору жүзөгө ашты

2015-жылы Ыссык-Көл жана Нарын облустарындагы Жайыт пайдалануучулар бирикмелеринин (ЖПБ) беш микродолбоору жүзөгө ашты. Жалпы жумшалган каражаттардын суммасы болжол менен 2,2 млн сомду түздү, анын ичинде 1,6 млн сом грантты “Мал чарбасы жана рынокту өнүктүрүү-1” долбоору бөлүп берди. Ал эми калган бөлүгүн жамааттын накталай, материалдын наркы жана эмгектик катышуу түрүндөгү салымы түздү.

Маселен, Кара-Ой ЖПБсы “Айылга жакын жерде жайгашкан Асык жайытындагы көпүрөнү калыбына келтирүү” микродолбоорун ишке ашырды. Барскоон ЖПБсы төмөндөгү үч микродолбоорду жүзөгө ашырды: “Босого жайытындагы Каракол кичи дарыясы аркылуу өткөн көпүрөнү калыбына



*Барскоон ЖПБнын микродолбоору.*

келтирүү”, “Каракол капчыгайындагы малдарды дарылоочу ваннаны оңдоо” жана “Чаар-Арча капчыгайындагы мал айдап өтө турган көпүрөнү калыбына келтирүү”. Эмгекчил ЖПБда Ленинчил-Жаш участогундагы эски купка капиталдык оңдоодон өткөн жана койлордун жүнүн кырка турган көчмө пункт уюштурулган. Гранттык каражаттарды алуу үчүн ЖПБнын айылдык кеңеши тарабынан бекитилген Жамаатык жайыт башкаруу планы болуш керек. Бул пландарда микродолбоорлордун жардамы аркасында чечиле турган жамаатардын муктаждыктары жана көйгөйлөрү көрсөтүлөт.

Ыссык-Көл жана Нарын облустарында 99 ЖПБнын жардамы менен (алкактык келишимдерге киргизилген толуктоолорго кол коюлду) жалпысынан 109 микродолбоорду ишке ашыруу пландаштырылууда. Микродолбоорлордун наркы болжол менен 40 млн сомду түзөт, анын ичинде 28,5 млн сом долбоор тарабынан берилген грант жана 10 млн сомдон ашык жамаатардын салымы бар.

Ошол эле учурда 81 микродолбоор малдардын ден соолугун коргоо маселелерин чечүүгө, төрт микродолбоор – атайын техникаларды сатып алууга, 24 микрололбоор - жайыттардын инфраструктурасын жакшыртууга багытталган.

Бүгүнкү күндө Долбоор тарабынан каржыланган 91  микродолбоордун наркы 17,5 млн сомду түзөт. Бул каражат кой-эчкилердин жүнүн кырка турган шаймандарды сатып алууга, чабандардын үйлөрүн уюштурууга жумшалган. Калган 18 микродолбоор жакынкы арада



*Эмгекчил ЖПБнын микродолбоору.*

каржыланмакчы.

Микродолбоорлорду ЖПБнын мүчөлөрү АРИСтин техникалык жардамы менен жүзөгө ашырышат. АРИСтин Мал чарбасын жана рынокту өнүктүрүү-1 долбоорунун координатору Алмазбек Акматалиевдин пикири боюнча Долбоор Жайыт комитеттеринин мүчөлөрүнө – ЖПБнын аткаруучу органдары – жардам көрсөтүүдө пландарды жана микродолбоорлорду иштеп чыгууга, финансылык башкарууга, жайыттардын абалына мониторинг жүргүзүүгө, айлана-чөйрөгө таасир көрсөтүүгө баа берүүгө, укуктук негиздерге жана жайыт ресурстарын пайдаланууга үйрөтүүгө өзгөчө көңүл бөлөт. ▪

## Ветеринардык палата—коомдун бакыбаттулугунун кепилдиги


**Ветеринардык палата Кыргыз Республикасынын Ветеринардык статуардык органы катары КР Юстиция министрлигинде каттоодон өттү. Бул мекеме жеке ветеринардык врачтардын жана параветеринардык адистердин ишин жөнгө салат. Кыргызстан азырынча мындай орган түзүлгөн постсоветтик мейкиндиктеги биринчи жана жалгыз мамлекет (Прибалтика өлкөлөрүн кошпогондо) болуп саналат. Ушул жана Ветеринардык палатанын алгачкы кадамдары тууралуу директору Кубат Маматкулов айтып берет.**

**- Кыргыз Республикасынын Ветеринардык палатасынын кандай максаттары бар?**

- Жеке ветеринардык практика менен алектенгиси келген адистерге бирдиктүү жана жакшыртылган шарттарды түзүп берүү. Ветеринардык кызмат көрсөткөн адамдар замандан калбай өздөрүнүн билим деңгээлин жогорулатуусу, кесиптик этиканы сактоосу зарыл. Жалпысынан алганда, Ветеринардык палатанын иштеши ветеринария системасын реформалоо концепциясына дал келет. Бул “тамак-аш жана азык-түлүк коопсуздугун камсыздоо” деп аталган татаал механизмдин тутумдарынын бири болуп эсептелет. Жаңы орган бул механизмдин иштешине өзүнүн колдон келген үлүшүн кошууга тийиш.

**- Ветеринардык палата өз ишин эмнеден баштады?**

- Биринчи кезекте, ветеринария мыйзамдарын жаныбарлардын жана адамдардын ден соолугун коргоо боюнча эл аралык мекемелердин талаптарына ылайык келтирүү керек. Жакында эле “Кыргыз Республикасынын “Ветеринария” жөнүндө мыйзамына жана “Административдик жоопкерчилик жөнүндөгү Кодексине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү ” тууралуу мыйзам долбоорлорун иштеп чыгып, Жогорку Кеңештин кароосуна сунуштадык. Эгерде парламент бул мыйзам долбоорлорун жактырса, анда жеке ветеринардык практиканы жүргүзүү укугу адистерге Ветеринардык палатанын реестринен каттоодон өткөндөн жана кесиптик квалификациясын далилдегенден кийин гана берилет, башка учурларда штрафтык санкциялар сунушталат.




**- Силердин максаттык топко жеке ветеринарлар гана киреби?**

- Бизде бир нече максаттык топтор бар. Биринчи топко жеке ветеринардык врачтар жана параветеринардык адистер кирет, экинчи топту - депутаттар, Өкмөт аппаратынын кызматчылары, Ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекция, Айыл чарба жана мелиорация министрлиги, жана үчүнчү топту – ветеринардык кызмат көрсөтүүлөрдү алуучулар түзөт. Азыркы тапта биз ар бир топ үчүн ветеринардык статуардык органдын маани-маңызын— статусун, максаттарын жана милдеттерин, аткарылып жаткан жана аткарыла турган иш-чараларын баяндаган материалдарды даярдап жатабыз.

Биз үчүн эң башкы адистер – иштеп жаткан ветеринарлар - менен түшүндүрүү иштерин жүргүзөбүз. Ветеринардык палатанын каттоосунан өтүү аларга жаңы эрежелердин негизинде иштөөгө мүмкүндүк берерин айтып түшүндүрөбүз. Бул эрежелер ветеринардык кызматты өркүндөтүү аркылуу алардын кирешелеринин өсүшүнө жардам берет. Учурдун талабына ылайык келген врач болуу үчүн талыкпай окуу керек.


Азыркы учурда маалымат базасында 2035 киши каттодон өткөн, алардын ичинде 702 ветеринардык врач, калгандары параветеринардык адистер. ↓

GIZ донордук уюмунун (Германдык эл аралык кызматташтык коому) жардамы менен ветеринарлардын квалификациясына көз



карандысыз баа берүү боюнча электрондук программаны даярдадык [http://vsb.kg/](http://vsb.kg/). Программа онлайн-режиминде сыноодон өттү, Мамлекеттик ветинспекциянын кызматчыларына көрсөтүлдү, Билим берүү министрлигинин, Айыл чарба жана мелиорация министрлигинин, Агрардык университетинин, Кыргыз-түрк "Манас" университетинин өкүлдөрүнө сунушталмакчы.

Ошону менен катар эле аккредитациялоо боюнча иштерди аткаруудабыз. Жакында эле, иштеп жаткан ветеринарлар арасында "Менин кесибим—менин жашоом" жана ветеринардык факультеттин студенттеринин арасында "Мен кесибим менен сыймыктанам" темасындагы макалага конкурс жарыяладык.




**- Ветеринардык кызмат алуучулар кандай өзгөрүүлөрдү күтсө болот?**

- Ветеринардык палатанын ийгиликтүү иштеши мал ээлерине сапаттуу ветеринардык кызмат көрсөтүүлөрдү камсыздайт, анткени ветеринарлардын арасында адилеттүү атаандаштыкка шарт түзүлөт.

**- Силерге Өкмөт колдоо көрсөтөбү?**

- Биз Өкмөттүн токтомунун үч долбоорун даярдаганбыз: биринчиси Кыргызстанда жеке ветеринардык практиканы киргизүү, экинчиси – Жеке ветеринарлардын бирдиктүү реестрин киргизүү, жана үчүнчүсү - жеке ветеринардык адистердин үзгүлтүксүз кесиптик өнүгүү системасын киргизүү. Документтер сапаттуу ветеринардык кызмат көрсөтүүлөрдү алууда жарандардын мыйзамдуу таламдарын сактоого багытталган жана премьер-министрдин колу коюлган. Бардык мал жеке менчикте болгондуктан, өлкөдөгү жалпы эпизоотиялык абал ар бир мал чарбасындагы малдын ден соолугуна байланыштуу. Башка мамлекеттер менен соода-экономикалык байланышты түзүүдө Өкмөт үчүн жакшы эпизоотиялык абал эң чоң артыкчылык болуп саналат . Мындан тышкары, мал чарбачылыгын, экономиканы өнүктүрүүгө, эл аралык коомдордун алдында милдеттерди аткарууга шарт түзүлөт.

**- Мамлекеттик ветинспекция менен биргелешип иштейсиздерби?**

- Өз ара аракеттешүү жөнүндө меморандумга кол коюлду. Меморандумдун негизинде кызматташуу Инспекцияга билим деңгээли жана тажрыйбасы жогору жеке ветеринардык адистер менен иштөөгө мүмкүнчүлүк түзөт. Мындай адистердин жардамы менен жаныбарлардын ден соолугун коргоо боюнча мамлекеттик программалар ишке ашырылат. Мекемеде ветеринардык дары-дармек рыногун дагы жөнгө салуу ресурсу пайда болот. Анткени, бир тараптан, Ветеринардык палатанын каттоосунан өткөн ветеринарлар гана дары-дармектерди сатуу укугуна ээ болушат, экинчи тараптан - ири товар жөнөтүүчүлөр өздөрүнүн товарларын каттодон өткөн ветеринардык адистерге гана жеткирүүсү талап кылынат. Ошентип, жаныбарлардын ден соолугуна көбүнэсе зыян келтире турган дары-дармектер ветеринардык аптекаларда же рыноктордо сатылбай калат.

**- Силердин өнөктөштөрүңөр кимдер?**

- Азыркы учурда бизге Айыл чарба жана мелиорация министрлиги ишке ашырып жаткан "Мал чарбасын жана рынокту өнүктүрүү", "Жайыттарды жана мал чарбачылыкты башкарууну жакшыртуу" долбоорлору жардам көрсөтүүдө. Келечекте өзүн өзү каржылоого өтөбүз. Ветеринардык врачтар төлөй турган мүчөлүк акы 1500 сомду түзсө, фельдшер – 1000 жана санитар – 500 сом төлөйт.

**- Ракмат. Ийгилик каалайм! ▪**


## Ветеринардык каражаттарды сертификаттоо борборунун кызматчылары квалификациясын жогорулатууда

Ветеринардык дары-дармек каражаттарын, тоюттарды жана тоют кошулмаларын каттоо жана сертификаттоо борборунун кызматчылары өз ишинде зарыл болгон ар түрдүү окуу курстарына катышууда.



*Москвада өткөн окуулардын биринде.*

Аталган Борбор "Мал чарбасын жана рынокту өнүктүрүү" долбоорунун өнөктөштөрүнүн бири болуп эсептелет жана потенциалын жогорулатуу максатында техникалык жардам алат.




Азыркы учурда Борбордун кызматчылары үч багытта билимин жогорулатышууда. Алардын бири ОсОО "Девять тысяч" окуу борборунда техникалык жөнгө салуу, мыйзам чыгаруу, шайкештикти тастыктоо, продукцияны сертификаттоонун эрежелери, ветеринардык дары-дармектерди сертификаттоо темалары боюнча өтүүдө. Экинчи жана үчүнчү багыттар продукцияны ГОСТ 17065 ылайык сертификаттоо жана сыноо лабораторияларында ГОСТ 19011 ылайык аудит өткөрүү темаларына арналган. Тренерлер— КР Экономика министрлигинин Стандартташтыруу жана метрология боюнча борбору жана ОсОО "Центр по сертификации персонала".



Бул курстар Ветеринардык каражаттарды сертификаттоо борборунун кызматчыларына кесиптик билимин жогорулатууга мүмкүндүк берет деп күтүлүүдө.▪

## REV-1 вакцинасы жана "Азинокс" таблеткалары аймактарга жеткирилди

2 млн доза кой-эчкинин бруцеллезуна каршы REV-1 вакцинасы жана иттердин эхинококкоз оорусуна каршы 4 млн таблетка "Азинокс" митесиздендирүү дарысы Кыргызстандын 40 районуна жеткирилди. Былтыркы жылга салыштырмалуу, 2016-жылы аймактарга дары-дармектер үч ай мурда жеткирилди.



*REV-1 вакцинасы.*

Сатып алынган вакцинанын наркы 150,2 миң АКШ долларды, таблеткалардын баасы – 150,8 миң АКШ долларын түздү.

"Мал чарбасын жана рынокту өнүтүрүү-1" долбоору дары-дармектерди сатып алууга жана райондорго жеткирүүгө жардам көрсөттү.



*"Азинокс" таблеткалары.*

Майда мал жандыктарды бруцеллезго каршы эмдөө май айында башталышы күтүлүүдө, ал эми иттерди эхинококкозго каршы митесиздендирүү ар квартал сайын жүргүзүлүп турат. Мамлекеттик ветинспекция менен расмий түрдө түзүлгөн келишими бар жеке ветеринарлар ит ээлерине ветеринардык кызмат көрсөтөт. ▪

## Кой-эчкинин бруцеллезуна каршы эмдөө иштерин жүргүзгөн жеке ветеринарларга 6,7 млн сом төлөндү

2015-жылы кой-эчкилерди бруцеллезго каршы эмдөө боюнча кызмат көрсөтүүлөр үчүн жеке ветеринарларга 6,7 миллиондон ашык сом төлөндү. Социалдык фонддун төлөмдөрү менен бул сумма 7,85 млн сомду түздү.

Баткен облусунун жеке ветеринардык адистерине болжол менен 472 миң сом, Жалал-Абад облусуна – 1,13 млн сом, Ысык-Көл облусуна – 1,073 млн сомго, Талас облусуна – 599 миң сом, Нарын облусуна - 1,34 млн сом, Чүй облусуна – 715 миң сом жана Ош облусуна – 1,4 млн сом төлөнүп берилген. Жалпысынан республикада былтыр вакцинация боюнча иш-аракеттерге 433 жеке ветеринардык сервис катышкан, алар 2,24 миллиондон ашык кой-эчкини эмдешкен.

Төлөмдөр Айыл чарба жана мелиорация министрлигинин Айыл чарба долбоорлорун ишке ашыруу бөлүмү (АДИБ) тарабынан иш жүзүнө ашырылып жаткан "Мал чарбасын жана рынокту өнүктүрүү-1" долбоорунун эсебинен төлөнүп берилген.

Бруцеллез менен күрөшүү программасы 2008-жылы Нарын облусунун Ак-Талаа районунда иштеп баштаган. 2011-жылы бул программа республиканын бардык аймагын камтыган. Аткарылган иш-аракеттердин натыйжасында бруцеллез менен ооруган адамдардын саны дээрлик 5 эсеге кыскарган. Эгерде бул оору менен 2011-жылы 4 412 адам ооруган болсо, 2015-жылы 904 адам ооруга чалдыккан. (“Кыргыз Республикасындагы 2011-2015 жылдар аралыганда бруцеллез оорусуна чалыгуунун азаюу динамикасы” диаграммасын карагыла). Бруцеллез адамдарга айыл-чарба малдарынан жугаары белгилүү, ошондуктан бруцеллез оорусунун төмөндөшү түздөн-түз малдардын ылаңдашынын азаюусуна байланыштуу.










Бул ылаң бир гана адамдардын жана малдардын ден соолугуна залакасын тийгизбестен, өлкөнүн экономикасына да зыян келтирет. Мындай чыгашаларга малдардын кырылышы, азыктуулугун жоготуусу, төлдүн кыскарышы кирет. Натыйжада мал чарбачылыгын өнүктүрүүнүн пландарын аткаруу жана калкты азык-түлүк менен камсыздоо да үзгүлтүккө учурайт. Кыргыз-швейцариялык изилдөөлөргө ылайык, адамдардын жана малдардын бруцеллез ылаңы келтирген экономикалык чыгымдар 2006-2011 жылдар аралыгында 32 миллиондон ашык АКШ долларын түзгөн. Алардын ичинен бруцеллез менен ооруган адамдардын дарылануусуна жана жашоосуна кеткен чыгымдар 7,4 миллиондон ашык долларды, бруцеллез менен ооруган адамдардын жумушка жараксыздыгынын натыйжасында үй чарба кирешелеринин жоготуусу 9,4 млн долларын түзгөн болсо, мал чарбачылыгынын өндүрүмдүүлүгүн жоготуусу 15 млн долларынан ашкан.

“Бруцеллездун таралышынын азаю тенденциясынын улануусу – өтө жугуштуу ылаңды дээрлик жеңип чыгуу менен барабар, - дейт Айыл чарба долбоорлорун ишке ашыруу бөлүмүнүн директору Майрамбек Таиров, – Ооруну азайтуу боюнча иш аракеттер уланууда”. ▪

*ОРСП тарабынан ишке ашып жаткан долбоорлор:*

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтү**

**Айыл чарбасын өнүктүрүү эл аралык фонду**

**Бүткүл дүйнөлүк банк**

……………………………………………………………………………………………..

***Биздин дарек:***
КР Айыл чарба жана мелиорация министрлиги
Айыл чарба долбоорлорун ишке ашыруу бөлүмү (ОРСП)
Бишкек ш., Киев көч., 96 а, 510-511-бөлмө
Тел (312) 66 56 25, факс (312) 66 15 72
e-mail: hpai@apiu.elcat.kg